Кыргыз Республикасынын
Санариптик өнүктүрүү жана
инновациялык технологиялар
министрлигинин
2025 ж. “____”________№___
буйругу менен бекитилген

# Мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервин түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиби

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Тартип мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын кызмат ордуна дайындоо үчүн кадрлар резервине (мындан ары - кадрлар резерви) киргизүү, аны түзүү жана иштетүү үчүн ачык конкурсту өткөрүүнүн шарттарын аныктайт.

2. Кадрлар резервинин максаты - мамлекеттик органдын жетекчилеринин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарларынын кызмат ордуна квалификациялуу кадрларды тартуу жана кадрларды тандоодо атаандаштык шарттарын камсыз кылуу.

3. Кадрлар резерви Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги (мындан ары - Министрлик) тарабынан түзүлөт.

## 2. Кадрлар резервин түзүү тартиби

4. Кадрлар резервине төмөнкүлөр киргизилет:

- кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурстук тандоодон өткөн, квалификациялык талаптарга жооп берген Кыргыз Республикасынын жарандары;
- мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарларынын кызмат ордун ээлеген адамдар;
- органдын кайра уюштурулганына жана штаттын кыскарганына байланыштуу мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басары кызматынан бошотулган адамдар;

5. Кадрлар резервине киргизүүгө конкурс (мындан ары - конкурс) Министрлик тарабынан жарыяланат жана өткөрүлөт.

Конкурсту өткөрүү төмөнкү этаптарды камтыйт:

- конкурстун катышуучуларынын документтерин мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарларына коюлуучу талаптарга ылайык келүүсүн карoo;

- аңгемелешүү.

6. Конкурс өткөрүү максатында кадрлар резервине киргизүү үчүн Министрликте конкурстук комиссия (мындан ары - конкурстук комиссия) түзүлөт. Конкурстук комиссиянын курамы 7 адамдан ашпоого тийиш.

7. Мамлекеттик органдын конкурстук комиссиясынын курамы Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министри тарабынан бекитилет.

Конкурстук комиссиянын курамына милдеттүү түрдө төмөнкүлөр кирет:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын санариптик өнүктүрүү маселелерин тейлеген түзүмдүк бөлүмүнүн өкүлү;

- Министрликтин персоналды башкаруу маселелери боюнча түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчиси;

- Министрликтин санариптик саясатты иштеп чыгуу жана долбоорлорду ведомстволор аралык координациялоо жана ишке ашыруу маселелери боюнча түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери.

Конкурстук комиссиянын төрагасы болуп Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министринин орун басары эсептелет (кадрдык ишти тейлеген). Конкурстук комиссиянын тең төрагасы болуп Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министринин орун басары эсептелет (санариптик өнүктүрүүнү тейлеген).

Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министри аныктаган персоналды башкаруу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу адам конкурстук комиссиянын катчысы болуп саналат.

Комиссиянын катышпаган мүчөлөрүн алмаштырууга жол берилбейт.

8. Министрлик конкурстук тандоону өткөрүү жөнүндө буйрук чыккандан кийин эки иш күндүн ичинде бул маалыматты өзүнүн ведомстволук веб-сайтына, жалпыга маалымдоо каражаттарына, ошондой эле Министрликтин Интернет тармагындагы башка маалымат каналдарына жайгаштырат.

Кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүү жөнүндө маалыматта сөзсүз түрдө төмөнкү маалыматтар камтылууга тийиш:

- кадрлар резервине киргизүү үчүн коюлуучу квалификациялык талаптар;

- конкурска катышуу үчүн керектүү документтердин тизмеси;

- документтерди кабыл алуу убактысы, орду жана форматы.

Кулактандыруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча маалыматтарды камтышы мүмкүн.

Конкурс жылына 2 жолу өткөрүлөт. Мында ачык конкурстук тандоонун жыйынтыктары боюнча кадрлар резервине киргизилген адамдардын саны 20 адамдан ашпоого тийиш.

9. Тандоого катышууну каалаган адамдар Министрликке арыз жана документтерди беришет.

Документтерди кабыл алуу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министри тарабынан аныкталат, бирок конкурс өткөрүү жөнүндө маалымат жайгаштырылган күндөн тартып 10 календардык күндөн кем болбоого тийиш. Документтерди кабыл алуу мөөнөтүнүн аякташы конкурс өткөрүү жөнүндө кулактандыруунун текстинде көрсөтүлөт.

Тандоого катышуу үчүн төмөнкү документтер берилет:

- өздүк арыз;
- паспорттун көчүрмөсү;
- резюме (электрондук почтаны, ИЖНди - идентификациялык жеке номерин жана соттолбогондугу жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен);
- нотариалдык же акыркы иштеген жери боюнча күбөлөндүрүлгөн негизги жана кошумча билимин тастыктаган документтердин (болсо) көчүрмөлөрү;
- нотариалдык же акыркы иштеген жери боюнча күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү (эмгек стажы болсо);
- окумуштуулук даража жана окумуштуулук наам ыйгаруу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү (болсо);

Жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте талапкердин жеке маалыматтарын берүүгө, чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугу.

10. Кадрлар резервине киргизүү үчүн талапкерлер төмөнкү квалификациялык талаптарга жооп бериши керек:

- маалыматтык технологиялар, эсептөө техникасы, маалыматтык коопсуздук, киберкоопсуздук, информатика, башкаруу системаларын автоматташтыруу багыты боюнча жогорку билим же болбосо санариптик долбоорлорду ишке ашыруу жана башкаруу тажрыйбасы болсо башка жогорку билим;
- мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтын жетекчилик кызматтарында жалпысынан 3 жылдан кем эмес иш стажы же МКТ чөйрөсүндө (долбоордук башкаруу, санариптик продуктуларды иштеп чыгуу, тармактык инфратүзүмдү коштоо ж.б.) 2 жылдан кем эмес иш стажы.
- билүүсү:

Кыргыз Республикасынын маалыматтык технологиялар чөйрөсүндөгү мыйзамдары;

менеджменттин негиздери;

кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө мамлекеттик жана расмий тилдерди;

чет тили (артыкчылыктуу);

- жөндөмдөрү:

ишти стратегиялык пландаштыруу жана пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүдө жаңы ыкмаларды колдонуу;

тейлеген түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин натыйжалуу башкаруу;

кризистик кырдаалдарда чечим кабыл алуу жана кабыл алынган чечимдер үчүн жоопкерчилик;

кызматкерлердин алдына так белгиленген милдеттерди коюу жана алардын ишине объективдүү баа берүү;

жамаатта жагымдуу социалдык-психологиялык климатты түзүү жана инсандар аралык байланыштын заманбап ыкмаларын колдонуу;

конфликттик кырдаалдарды жөнгө салуу;

- көндүмдөр:

башкаруучулук менеджмент;

аналитикалык жана стратегиялык документтерди иштеп чыгуу;

башкаруу иши (пландаштыруу, уюштуруу, координациялоо, шыктандыруу жана контролдоо);

эл алдында чыгып сүйлөө, мамлекеттик жана расмий тилдерде иштиктүү кат алышуу, иштиктүү баарлашуунун жана кеңешмелерди, жолугушууларды өткөрүүнүн ыкмаларын билүү;

белгилүү бир чөйрөдөгү ишти талдоо жана божомолдоо, пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүгө жаңы ыкмаларды колдонуу;

башкаруучулук чечимдерди ыкчам ишке ашыруу жана стратегиялык чечимдерди аткаруунун сапаты үчүн жоопкерчилик тартуу, кабыл алынган чечимдердин натыйжаларына мониторинг жүргүзүү, контролдоо, талдоо жана болжолдоо;

11. Документтерди кабыл алуу аяктаган күндөн тартып 10 иш күндүн ичинде комиссия ушул Тартипке ылайык берилген арыздардын жана документтердин негизинде талапкерлердин белгиленген талаптарга шайкештиги (же ылайык келбегендиги) жана аларды аңгемелешүүгө киргизүү жөнүндө чечим кабыл алат.

12. Аңгемелешүү конкурстук комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

Комиссиянын жыйыны, эгерде ага анын курамынын үчтөн экисинен кем эмеси катышса укуктуу деп эсептелет.

Интервью упай системасы боюнча бааланат. Аңгемелешүүнү баалоонун баалоо баракчасы жана критерийлери ушул Тартиптин тиркемесине ылайык белгиленген.

Кадрлар резервине 5 упайдан жогору упай алган талапкерлер киргизилет.

13. Комиссиянын чечими (актысы) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде даттанылышы мүмкүн.

14. Конкурстун жыйынтыгы боюнча конкурстук тандоодон ийгиликтүү өткөн адамдар кадрлар резервине министрдин буйругу менен конкурстук комиссиянын чечиминин (актысынын) негизинде 3 иш күндүн ичинде киргизилет.

15. Тандоону өткөрүү боюнча ушул Тартип менен жөнгө салынбаган уюштуруучулук мүнөздөгү маселелер комиссия тарабынан аныкталат.

## 3. Кадрлар резервинин иштөө тартиби

16. Резервисттин кадрлар резервинде болуу мөөнөтү:

- ачык конкурстук тандоодон өткөн адамдар үчүн кадрлар резервине киргизилген күндөн тартып 2 жылды түзөт;

- органдын кайра уюштурулганына, штаттын кыскарганына, ден соолугунун абалы боюнча узакка эмгекке жарамсыздыгына байланыштуу мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басары кызматынан бошотулган адамдар үчүн бошотулган күндөн тартып 1 жылды түзөт.

17. Мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын бош кызмат орду түзүлгөн учурда мамлекеттик органдын жетекчиси 7 күндүн ичинде түзүлгөн бош орун жөнүндө Министрликке билдирет.

18. Министрлик мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басары бош орду жөнүндө билдирүүнү алган күндөн тартып үч күндүк мөөнөттө мамлекеттик органга кадрлар резервинде турган адамдардын сапаттык курамын жиберет.

19. Мамлекеттик органдардын жетекчилеринин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарларын дайындоого сунуш кадрлар резервинде турган талапкерлердин ичинен Кыргыз Республикасынын санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министри менен макулдашуу боюнча тиешелүү мамлекеттик органдын жетекчиси тарабынан киргизилет.

20. Талапкерди макулдашуу үчүн мамлекеттик органдын жетекчиси Министрликке талапкердин жылдык иш планынын долбоорун тиркөө менен сунуштама жиберет.

21. Министрлик талапкерди сунуштаманы алган күндөн тартып 3 иш күндүн ичинде талапкердин жылдык иш планынын долбооруна сын-пикирлерди жана толуктоолорду киргизүү укугу менен макулдашат.

22. Ушул Таптипте белгиленген тапшыруу жана дайындоо мөөнөттөрүн сактабоо, эгерде мөөнөттөр жүйөлүү себептер боюнча мамлекеттик органга/министрликке көз каранды болбогон учурда бузуу болуп саналбайт.

## 4. Кадрлар резервинен чыгаруу тартиби

23. Кадрлар резервинде турган адам анын курамынан чыгарылат, эгерде:

- Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкондо;
- соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп табылганда;
- соттун айыптоочу өкүмү менен кызматчы катары ишти жүзөгө ашырууга же мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын белгилүү кызмат орундарын ээлөөгө тыюу салынса;
- кадрлар резервинде болуу мөөнөтү аяктаганда;
- кадрлар резервинен чыгуу жөнүндө жеке арыз берилгенде;
- мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын бош кызмат ордун ээлөөдөн эки жолудан ашык баш тартканда;
- мамлекеттик органдын жетекчисинин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басарынын тиешелүү бош кызмат ордун ээлегенде ();
- белгиленген талаптарга ылайык келбөө фактысы аныкталганда же болбосо билип туруп анык эмес же толук эмес маалыматтар берилгенде;

- атайын текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы дайындоодон баш тартканда;

- адам өлгөн учурда.

24. Кадрлар резервинин курамынан чыгаруу жөнүндө чечим санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министринин тиешелүү буйругу менен таризделет.